Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү

# ТОКТОМ

Талас шаары, 17.11.2024-жыл.

Мен, Талас ШИИБдин Тергөө кызматынын тергөөчүсү милициянын капитаны Ашымбеков Н.Б., Талас ШИИБдин МЭЖне №02-068-2024-001501 сандуу болуп катталган тергөөгө чейинки текшерүү ишин карап чыгып,

## АНЫКТАДЫМ:

2024-жылдын 17-ноябрында вотсаб интернет тармагында Талас шаарынын меж.колледжинде орун алган №6109 шайлоо участогунда мамлекеттик номери 01KG 741 AOO сандуу болгон "Тайота-Опа" үлгүсүндөгү автоунаанын айдоочусу "Бирге-Вместе" саясий партиясынан депутаттыка талапкер Тимур Жумабековдун пайдасына шайлоочуларды ташып жаткандыгы тууралу видео тасма таркаган.

Аталган билдирүү, Талас ШИИБдин маалыматтар каттоо журналына 17.11.2024-жылы №02-068-2024-001501 сандуу болуп катталып, тергөөгө чейинки текшерүү иши башталган.

Текшерүү учурунда, Талас шаарынын Койчукулов көчөсүнүн №142-үйүнүн тургуну 1981-ж.т. Эсенгелди уулу Максатбек окуя боюнча берген көрсөтмөсүндө, өзүнүн мамлекеттик номери 01KG 741 AOO сандуу болгон "Тайота-Опа" үлгүсүндөгү автоунаасы менен Талас шаарында такси кызматын көрсөтүп жүргөнү, бугун да күндөгүдөй эле 2024-жылдын 17-ноябрь күнү такси кызматын көрсөтүп иштегенин жана шайлоо күнү болгондуктан көбүнчө элдерди шайлоо участокторуна жеткиркенин, ал эми партия же талапкерге эч кандай эл ташып жардам бербегендиги жана Тимур аттуу талапкерди таанытбарын, ал менен эч кандай мамилеси жоктугу, ошондой эле кандайдыр бир маакулдашуусу болбогондугун билдирген.

Иш боюнча, Талас шаарынын №6109 шайлоо участогунун төрайымы Кыдыралиев Б.М., жана аталган шайлоочу участогунун алдында турган элдик кошуундун мүчөлөрү Улан уулу Аманбек, Таалайбек уулу Белек, Мендибаев Сырым Азаматуулу, Талант уулу Канат, Ажибраимов Улукбек Улановичтер өздөрү берген көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Талас шаарынын Манас көчөсүндөгү №6109 шайлоо участогуна, партиялар же талапкерлер тарабынан шайлоочуларды автоунаалар менен ташыгандарын көрүшбөгөндүгү жана андай аракеттер болгондугу жөнүндө эч ким айтып кайрылбагандыгын билдиришкен.

Ал эми, Талас шаарынын Үмөт-Молдо көчөсүнүн №81-ү.т., Курманбаева Сулайка Жаныбековна окуя боюнча берген көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 17-ноябрь күнү Талас шаарынын Манас көчөсүндөгү медколледжиндеги №6109 шайлоо участогунда, "Бирге" партиясынан байкоочу болуп жүргөнүндө, Эрбол аттуу таанышы менен жоолугуп, учурашып бири-биринин

Сканировано с CamScanner

акыбалдарын сурашып эле койгондору, эч кандай үгүт иштерин жүргүзбөгөндүгүн билдирген.

Ошондой эле, Талас шаарынын Манас көчөсүнүн №151-ү.т. Шербахунов А.О., жана Талас шаарынын Манас көчөсүнүн №147-ү.т. Алишеров Эрбол өздөрүн берген көрсөтмөлөрүндө, жогорудагы С.Курманбаеванын айткандарын тастыкташып, шайлоо участогунун алдында үгүт иштери жүргүзүлбөгөндүгүн жана шайлоочуларды автоунаа менен ташуулар боюнча эч кандай маалыматтары жоктугун билдиришкен.

Мындай жагдайда, жогоруда аталган окуяда кылмыштын курамы аныкталбайт.

Андыктан, тергөөгө чейинки текшерүү ишинде кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш ишин козгоодон баш тартууга жатат.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып,

## Т О К Т О М  К Ы Л Д Ы М :

1. №02-068-2024-001363 болуп катталган тергөөгө чейинки текшерүү ишинде кылмыштын курамы жок болгондуктан кылмыш иши козгоодон баш тартылсын.
2. Кабыл алынган чечим менен кызыккан тараптар тааныштырылсын.
3. Токтом көчүрмөсү Талас шаардык прокуратурасына жөнөтүлсүн.

Талас ШИИБдин ТКнын тергөөчүсү
милициянын капитаны — Ашымбеков Н.Б.

Сканировано с CamScanner